Токтом 1

2.09.2022-жыл Жылан-Арык айылы

Чогулуштун темасы:Калыгул Жусупов атындагы орто мектебиндеги 1-4- класстарга ысык тамактын берилиши

Күн тартибинде каралуучу маселе: 1.1-4 класстарга ысык тамактын берилиши

2.2022-2023-окуу жылына карата ата-энелер комитетинин шайланышы.

Угулду: Мектептин директору Тыналиева Самара төмөнкүлөргө токтолду:

Урматтуу жыйналышка келген ата-энелер бугунку жыйналыш кылган себебибиз 1-4 класстарда ысык тамактын берилуусу боюнча сөз кылмакчыбыз. Мектепте жалпы 80 бала тамак ичет.Республика боюнча каржыланып келген 10 сом балдардын ичкен тамагына азыраак өлчөмдө болуп жатканына байланыштуу ата-энелерден окуучуларга витаминдүү тамак беруу үчүн кошумча каржы( спонсор) издөө максатында чогулуп отурабыз.

Андан соң бугүнку келген ата-энелер жалпы чечишип,ар бир класстан ысык тамакты көзөмөлдөө үчүн ата-энелер комитетин шайлап алсак.

4-класстын ата-энеси Алмас кызы Айнура жарыш сөзго чыкты:Урматтуу ата-энелер менин балам 4-класста окуйт биз буга чейин деле 100 сомго макул болуп чогултуп келгенбиз,дагы деле чогултуп беребиз.Балдарыбыздын витаминдүү тамак ичишине көмөк көрсөтөбүз.

__________Жийдекан: Балдарыбыз учун 100 сомдон да ашык чогултуп,ал турсун ар бир класс бөлүшүп "Күркүрөгөн күздө турабыз" картошка,сабиз,ун менен камсыз кылсак да ашыктык кылбайт деген ойлорун айтышты.

1-4-класстардын ата-энелер комитетинин төрайымы: Алымкулова Айнагул

Мүчөлөрү:1-класс Сыдыгалиева Гулжан

2-класс Жээнбекова Элиза

3-класс Кыдыралиева Элзат

4-класс Абыкаева Жыпар

Төмөнкү ата-энелер бир добуштан көрсөтулдү.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу

## токтом кылат:

1.Ысык тамактын берилүүсү, продуктыларды аны алып келүү жана аны көзөмөлдөө жагы ата-энелер комитетине тапшырылсын

2.1-4-класстарга ысык тамакты берүү жагын колго алуусун мектептен жана класстан тышкаркы иштин уюштуруучусу Ж.Айдакеевага тапшырылсын.

Scanned by TapScanner

Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин

ата- энелеринин чогулушунун токтому.

9-сентябрь 2022-окуу жылы. Жылан- Арык айыл

Чогулушка катышкан ата- энелердин саны - 42

мугалимдердин саны 13

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. 2022- 2023 – окуу жылындагы уюштуруу иштеринин жүргүзүлүшү.
2. 2022- 2023- окуу жылына карата ата- энелер комитетин кайра шайлоо.

Мектептин директору С.Тыналиева быйылкы окуу жылынын башталышы,окуучулардын китеп менен камсыз болушу жана жүргүзүлүп жаткан алгылыктуу иштер боюнча токтолуп,жалпы эмгек жамаатын жана ата-энелерди жаңы окуу жылы менен куттуктады.

Ар бир класс жетекчи классындагы окуучулар тууралуу кеңири маалымат беришти.

**Угулду:** Күн тартибиндеги 1- маселе боюнча 1- 11- класска чейинки окуучулардын сабакка катышуусун, сабактан себепсиз калган окуучулар, форма менен камсыз болуусу, китеп дептерлеринин сакталышы боюнча толук маалымат беришти.

**Угулду:** Кун тартибиндеги 2.- маселе боюнча :Ата-энелер комитетинин төрайымы болуп,бир добуштан Керимова Атыркул шайланды .

Мүчөлөрү : Азаева Айзада

Тойчиева Фаридалар дайындалышты.

11- класстын ата-энелер комитети Керимова Атыркүл төмөнкулөргө токтолду. Биз ата- энелер комитети мугалимдер окуучулар менен тыгыз байланышта болсок жакшы иштер аткарылат. Бутуруучу класстардын жакшы окуп билим алышына жакшы шарт тузушубуз керек. Үйдон окутсак ОРТ боюнча окуучуларга жиберсек жакшы баллдарды ала алабыз. Конугуу тесттерге жиберип туралы. Акчабызды аябайлы. Балдар кыздарыбызга жардамыбызды аябайлы.

Scanned by TapScanner

*9- класстын ата- энелер комитети Азаева Айзада бутуруучу класстагы балдарыбыздын сабактарына конулубузду буралы. Тункусун кочого коп чыгарбай телефонду азыраак берип сабак окуусуна жакшы шарт тузуп беришибиз керек.Балдарыбыздын окуусуна шарт тузуп берип уйдон контроль жасайлы.*

*4- класстын ата- энелер комитети Турганбаева Нургул 1- 4 класска чейинки ысык тамак менен камсыз болуп жатышат. Мамлекеттикинен сырткары витаминдуу азыктар менен камсыздап жатабыз. Байытылган ун, картошка, кызылча, алма азыктарын алып берип жатабыз. Ар бир ата- эне 100 сомдон акча каражатынан жардам беруудобуз*

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата- энелер кенеши токтом кылат:***

*Окуучулардын сабак оздоштуруусу тартибине, окуучулук формасына жана окуу куралдарына көзөмөл жургузуп туруу жагы жалпы ата – энелерге милдеттендирилет.*

*2. Ата- энелердин жургузгон иштери боюнча чейрек сайын маалымат берилип турулсун*

Scanned by TapScanner